Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин кандидаты, доцент А.Бедельбаевдин изденүүчү К.А.Курманалиевдин "Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү" аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган диссертациясына

## КОРУТУНДУ

**1. 07.00.02 – Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

К.А.Курманалиевдин "Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү" аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, архелогия жана этнология институтуна караштуу тарых илимдерини доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Диссертациялык изилдөө илимий адабияттардын жана архивдик-документалдык материалдардын базасында проблеманын тарыхнаамасы, булактары жана теориялык-методологиялык негиздери каралып, XX кылымдын 20-30-жылдары Кыргызстанда административдик-аймактык бөлүштүрүүнүн жүргүзүлүшү, советтик бийликтин алгачкы жылдары революцияга чейинки түзүлүшүнүн сакталышы, улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүнүн натыйжасында ККАОнун түзүлүшү жана админстративдик-аймактык реформалардын жүрүшү, ийгиликтери жана кемчиликтери ырааттуу изилденген. Тандалган тема - 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигине жоопберет.

**Диссертациялык иштин максаты** Совет бийлигинин алгачкы жылдарында улуттук мамлекеттүүлүккө умтулуу жана түптөө мезгилиндеги административдик-аймактык бөлүштүрүү процессинин тарыхын изилдөө болуп саналат.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

– Тиешелүү адабияттарга тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү;

– Архивдик-документалдык булактардын теманы ачып берүүдөгү маанисин көрсөтүү;

– Изилдөөнүн илимий-теорялык негизин жана методологиясын аныктоо;

– XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшкө кыскача мүнөздөмө берүү;

– Түркстан АССРнин курамындагы административдик-аймактык түзүлүштүн өзгөчөлүгүн ачып берүү;

– Орто-Азия элдерин улуттук-мамлекеттик чектерге бөлүштүрүүнүн өбөлгөлөрүнүн аныктоо;

– Кара-Кыргыз автономиялык областын түзүүнүн саясий, социалдык-экономикалык жана маданий себептерин изилдөө;

– Кыргыз автономиялык областында административдик-аймактык түзүлүштү жүргүзүүнүн этаптарын жана кыйынчылыктарын көрсөтүү;

– Мамлекеттүүлүктүн калыптануу мезгилиндеги административдик-аймактык өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн натыйжаларын иликтөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү.

Диссертациялык иштин максаты, милдеттери, объекти жана предмети 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган**

Диссертациянын актуалдуулугу эгемен өлкөбүздүн эң орчундуу маселелеринин бири – Кыргыз Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышында анын административдик-аймактык түзүлүшү чоң роль ойногондугу менен аныкталган. Үстүбүздөгү жылы Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөнүнүн 100 жылдыгы белгиленип жатканда маселенин маанилүүлүгү артып жаткандыгы шексиз. Ошону менен бирге республикабызда административдик-аймактык ирилештирүү реформасын жүргүзүүдө өткөн бай тажрыйбага кайрылуу зарылдыгы бар.

Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшүнүн бүгүнкү күнгө чейин комплекстүү түрдө изилденбегендиги да диссертациянын актуалдуулугун күбөлөп турат. Илимий изилдөөдө Совет бийлиги орногондон кийинки Кыргызстанда жүргүзүлгөн административдик-аймактык бөлүштүрүүдөгү өзгөрүүлөр жана Кара-Кыргыз автономиялуу областындагы райондоштуруу реформалары, жаңы аймактык түзүмдөргө бөлүнүшү сыяктуу орчундуу маселелер ыраттуу чечилген.

**3. Илимий изилдөөнүн жаңылыгы**

Диссертация бай архивдик документалдык булактардын базасында даярдалган. Кыргыз Республикасынын Борбордук Коомдук-саясий документтер архиви менен Борбордук мамлекеттик архивиндеги али илимий айлампага киргизе элек материалдар диссертациянын өзөгүн түзөт. Илимий адабияттарды жана документалдык материалдарды кылдат талдоонун натыйжасында Кыргызстандагы административдик-аймактык реформаларды жүргүзүүнүн этаптары, өзгөчөлүктөрү жана себептери аныкталган.

**4. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси. Диссертациянын материалдарын, анын негизги тыянактары менен жоболорун Ата Мекендин тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, окуу-усулдук куралдарды даярдоодо пайдаланууга болот.

**5. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

К.А.Курманалиев жалпысынан 8 эмгек жарыялаган. Анын экөөсү чет элдик басылмалардан жарык көргөн. Эмгектер Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына жооп берет.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Афтореферат диссертациялык иштин негизги мазмунун толугу менен чагылдырып турат жана бири-бирине шайкеш келет

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы эскертүүлөр жана изденүүчүгө сунуштар**

1. Диссертациялык иштин актуалдуулугун күчөтүү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарына негиздөө керек.
2. Советтик жана постсоветтик доордогу авторлордун эмгектерин өз-өзүнчө: – Советтик, Борбордук Азиялык, Кыргызстандык топторго бөлүп кароо керек. Өзгөчө, К.Нурбеков, Д.Джунушалиев, А.Жуманалиев, З.Курмановдун изилдөөлөрүнө илимий талдоону тереңдетүү зарыл.
3. Иштин булактануу жана методологиялык базасын, методдорун кеңейтүү керек.

Сунуштар:

1. Диссертациялык иште илимий стилди жана адабий тилди сактоо сунушталат.
2. Илимий тыянактар менен сунушталган жоболорду аргументтештирүү жана күчөтүү керек.

**Корутунду**

К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Жоболорундагы талаптарга жооп берет. Диссертациялык иштин илимий-теориялык жана методологиялык негиздери ынанымдуу баяндалган. Пайдаланылган адабияттардын жана булактардын толуктугу, жүргүзүлгөн талдоолордун ырааттуулугу иш өз алдынча жүргүзүлүп, аягына чыгарылгандыгын көрсөтүп турат.

Жогорулардын негизинде К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология институтунун алдындагы тарых илимдерини доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде коргоого сунушталат.

Эксперт, тарых илимдеринин
кандидаты, доцент А.Бедельбаев

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кецештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. Карыева А.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

А. Бедельбаевдин колун тастыктаймын
ЖБнын башчысы [illegible] А.А.